| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын XI-кезексиз сессиясынын**

**ТОКТОМУ №18/4**

Жаны-Арык айылы 2023-жылдын 25-марты

**Жаны-Арык айыл аймагынын “Чет-Булак” участкасына туристтик тейлөө борборунун (рест-поинт) курулушу үчүн жер аянтын бөлүп берүү жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Жаны-Арык айыл аймагында туризмди өнүктүрүү максатында туристтик тейлөө борборунун (рест-поинт) курулушу үчүн жер аянтын чечип берүү жөнүндө Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковдун сунушун карап жана айылдык Кеңештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айыл аймагынын айылдык Кеңеши, **токтом кылат:**

1. Жаңы-Арык айыл аймагында туризмди өнүктүрүү максатында туристтик тейлөө борборунун (рест-поинт) курулушу үчүн Чет-Булак” участкасындагы Түндүк-түштүк альтернативдик жолунун жээгинде жайгашкан №457 контурундагы жайыт жеринин ичинен 0,50 га жер аянты чечилип берилсин;

2. Бул жер аянтындагы курулуш жүрүүчү жер аянтынын категориясын которуу (трансформациялоо) боюнча мыйзамда белгиленген тартипте тиешелүү мекемелерден корутундулары, уруксат кагаздары чогултулуп Жумгал райондук мамлекеттик администрациясына жердин багытын котороууга сунушталсын;

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жаны-Арык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковго жүктөлсүн.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**